# Аудиторско - Консультационная Фирма

720033, г. Бишкек
Кыргызская Республика
ул. Тоголок Молдо, 60, ком. 115,118,120

тел. (0312) 32 49 58, 32 50 84
Fax: (0312) 32 49 57
web-site: www.kyrgyzaudit.com
e-mail: info@kyrgyzaudit.com

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

**ТРИДЦАТЬ ТРИ года успешной работы на рынке услуг в области аудита, бухгалтерского учета, разработки финансовых стратегий управленческого и налогового консультирования**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫ МЕНЕН АЯКТАГАН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ДАЯРДОО ЖАНА БЕКИТҮҮ БОЮНЧА ЖЕТЕКЧИЛИКТИН ЖООПКЕРЧИЛИГИН ТАСТЫКТОО**

Жетекчилик 2025-жылдын 31-декабрына карата «Керемет Банк» ААКсынын («Банк») финансылык абалын так жана ишенимдүү чагылдырган финансылык отчеттуулукту, ошондой эле көрсөтүлгөн дата менен аяктаган жыл үчүн анын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын, акча каражаттарынын кыймылын жана өздүк капиталындагы өзгөрүүлөрдү Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарына (ЭФОС) ылайык даярдоо үчүн жоопкерчилик тартат.

- Финансылык отчеттуулукту даярдоодо Жетекчилик төмөнкүлөр үчүн жооп берет: эсеп саясатынын принциптерин туура тандоону жана колдонулушун камсыз кылуу;
- маалыматты, анын ичинде эсеп саясаты боюнча маалыматтарды, алардын ылайыктуулугун, ишенимдүүлүгүн, салыштырылуучулугун жана түшүнүктүүлүгүн камсыз кылган формада берүү;
- айрым ЭФОС талаптары отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн Банктын финансылык абалына же ишмердүүлүгүнүн финансылык жыйынтыктарына операциялардын жана башка окуялардын таасирин түшүнүүгө жетишсиз болгон учурларда кошумча маалыматтарды ачып берүү; жана
- Банктын жакынкы келечекте өз ишмердүүлүгүн уланта алуу жөндөмдүүлүгүн баалоо.

Банктын Жетекчилиги ошондой эле төмөнкүлөр үчүн жооп берет:

- Банктын ичинде натыйжалуу жана ишенимдүү ички көзөмөл системасын иштеп чыгуу, киргизүү жана колдоо;
- Банктын операцияларын ачып көрсөтүүгө жана түшүндүрүүгө мүмкүндүк берген, ошондой эле каалаган күнгө карата Банктын финансылык абалы жөнүндө жетиштүү так маалыматты камсыз кылган эсеп жүргүзүү;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ЭФОС талаптарына ылайык бухгалтердик эсепти жүргүзүү;

- Банктын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн бардык зарыл болгон негиздүү чараларды көрүү; жана
- финансылык жана башка мыйзам бузууларды аныктоо жана алдын алуу.

«Керемет Банк» ААКсынын Башкармалыгынын атынан

| | |
|---|---|
| Мукушева Д.А.<br>Башкарманын төрайымы | Атамкулова Б.Т.<br>Башкарманын мүчөсү – башкы бухгалтер |

Кыргызаудит

Аудитордук-Консультациялык Фирма
Аудитордук жана консультациялык кызматтар

720033, Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы
Тоголок Молдо көчөсү, 60, ком. 115, 118, 120

тел. (0312) 32 49 68, 32 50 84
web-site: www.kyrgyzaudit.com
e-mail: info@kyrgyzaudit.com

**«Керемет Банк»**
**Ачык Акционердик коомунун акционерлерине**

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

***Пикир***

Биз «Керемет Банк» Ачык Акционердик Коомунун («Керемет Банк» ААК же «Банк») 2025-жылдын 31-декабрына карата каржылык абалы жөнүндө отчеттон, жалпы киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон жана ошол датада аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттон, ошондой эле каржылык отчеттуулукка тиркемелерден, анын ичинде эсепке алуу саясатынын негизги жоболорунун кыскача обзорунан турган каржылык отчеттуулугуна аудит жүргүздүк.
Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген Финансылык отчеттуулук 2025-жылдын 31-декабрына карата Банктын финансылык абалы туурасында бардык олуттуу аспектилерди, ошондой эле анын финансылык натыйжаларын жана Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарына (ФОЭС) ылайык көргөзүлгөн күнгө аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын кыймылын анык чагылдырат.

***Пикир билдирүү үчүн негиздер***

Биз, "Кыргызаудит" аудитордук-консультациялык фирмасынын аудиторлору (жеке каттоо № 2103320 2023-жылдын 2-октябрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы тарабынан ыйгарылган "Коомдук кызыкчылыктын субъекттеринин, ири ишкердиктин субъекттеринин аудитине жол берилген аудитордук уюмдардын реестри", аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестринин" 4-бөлүгүндө каттоодо) аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык аудит жүргүздүк. Ушул Стандарттарга ылайык биздин милдеттерибиз корутундубуздун "Финансылык отчеттуулукту текшерүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги" бөлүмүндө чагылдырылган. Биз бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин кесипкөй бухгалтерлердин этика Кодексине жана Кыргыз Республикасындагы биздин финансылык отчеттуулуктун аудитине карата колдонулуучу этикалык талаптарга ылайык Банкка карата көз карандысызбыз жана ушул талаптарга жана БЭЭСК кодексине ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз тараптан алынган аудитордук далилдер биздин пикирди билдирүү үчүн негиз болуп кызмат кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүүлүккө ээ деп ойлойбуз.

***Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгүнө байланыштуу олуттуу белгисиздикке карата***

2025-жылдын 15-январында АКШнын Финансы министрлигинин Чет элдик активдерди көзөмөлдөө башкармалыгы («OFAC») «Керемет Банк» ачык акционердик коомун санкциялык тизмеге киргизди. Санкциялардын киргизилиши эл аралык геосаясий окуялардын жана финансылык институттарга санкциялык басымдын күчөшүнүн фонунда болду. Банктын санкциялык тизмеге киргизилиши Банктын эсептеринен кардарлардын каражаттарынын бир аз агылып кетишине, банк-корреспонденттердин бардык эсептеринин жабылышына, ошондой эле Банктын эл аралык эсептешүү системаларына жеткиликтүүлүгүнүн чектелишине алып келди.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар Банктын операциялык ишмердүүлүгүнө жана анын финансылык чөйрөсүнө олуттуу таасир этиши мүмкүн. Атап айтканда, санкциялык статус Банктын трансчек аралык эсептешүүлөрдү жүргүзүү, чет элдик финансылык институттар менен өз ара аракеттенүү, тышкы каржылоону тартуу, корреспонденттик эсептерди пайдалануу, ошондой эле айрым финансылык рынокторго жана инфраструктурага жетүү мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Андан тышкары, санкциялардын астында болуу жөнгө салуу, укуктук жана репутациялык тобокелдиктерди жогорулатат, ошондой эле ички көзөмөл процедураларына, комплаенс

функциясына жана кардарлардын операцияларына мониторинг жүргүзүүгө болгон талаптарды күчөтөт. Бул факторлор Банктын ликвиддүүлүгүнө, анын активдеринин жана милдеттенмелеринин түзүмүнө, ошондой эле орто жана узак мөөнөттүү келечектеги бизнес-моделинин туруктуулугуна таасир этиши мүмкүн.

Банк санкциялык тизмеден чыгаруу максатында расмий өтүнүч берди жана учурда оң чечимди күтүүдө, ошондой эле өзүнүн үзгүлтүксүз ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү улантууда жана кардарлар менен өнөктөштөрдүн алдындагы бардык милдеттенмелерин аткарууда.

Аткарылган процедуралардын жыйынтыгы боюнча биз Банктын жетекчилиги финансылык отчеттуулукта санкциялык статус жана ага байланыштуу тобокелдиктер жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарган деген тыянакка келдик. Көрсөтүлгөн жагдайлар белгисиздиктин бар экендигин көрсөтүп турат, ал Банктын келечектеги ишмердүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн жана жетекчиликтин жана отчеттуулукту пайдалануучулардын тарабынан тынымсыз мониторинг жүргүзүүнү талап кылат.

***Аудиттин негизги маселелери***

Аудиттин негизги маселелери – бул биздин кесиптик пикирибиз боюнча, учурдагы мезгилдеги каржылык отчеттуулуктун аудити үчүн эң маанилүү болгон маселелер.

2025-жылдын 31-декабрына карата Банктын күтүлгөн кредиттик чыгашалар (ККЧ) боюнча резервдерди түзгөн каржылык активдери болгон. Мурунку жана отчеттук мезгилдерде Банктын жетекчилиги күтүлгөн кредиттик чыгашаларды эсептөө боюнча моделди жана методологияны, анын ичинде колдонулган моделди валидациялоо деңгээлин тийиштүү баалаган эмес. Бул жагдай Банктын санкциялык тизмеде болушу менен да байланыштуу жана Банктын ККЧны эсептөө моделин баалоо жана модернизациялоо боюнча кызмат көрсөтүүгө макул болгон компанияларды тандоосун чектейт.

***Финансылык отчеттуулук үчүн жетекчиликтин жана корпоративдик башкарууга жооптуу адамдардын жоопкерчилиги***

Жетекчилик ФОЭСке ылайык финансылык отчеттуулуктун түзүлүшү жана калыс берилиши үчүн жоопкерчилик тартат, ошондой эле жетекчилик, алдамчылыктан же катачылыктан улам олуттуу бурмалоолорду камтыган финансылык отчеттуулукту түзүүгө мүмкүндүк берүү үчүн зарыл деп эсептеген ички контроль үчүн жооп берет.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик банктын үзгүлтүксүз ишмердүүлүгүн улантуу мүмкүнчүлүгүн баалоого, зарыл болгон учурда, ишкананын үзгүлтүксүздүгүнө байланыштуу маалыматты ачып берүүгө жана эгерде жетекчилик Банкты жоюуга же ишин токтотууга ниеттенбесе же анын ишмердүүлүгүн жоюу же токтотуудан башка реалдуу альтернатива болбосо, финансылык отчеттуулуктун негиздерин даярдоо үчүн жооптуу болот.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар Банктын финансылык отчетун түзүүгө көзөмөлдүк кылуу үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

***Финансылык отчеттуулуктун аудити боюнча аудитордун милдеттери***

Биздин максатыбыз-финансылык отчеттордо ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолор жок экендигине акылга сыярлык кепилдик алуу жана биздин пикирибизди камтыган аудитордук корутунду түзүүдө турат, Акылга сыярлык ишеним жогорку деңгээлдеги ишенимди билдирет, бирок Аудиттин эл аралык станарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит ар дайым Олуттуу бурмалоолорду көрсөтөт деген кепилдик эмес. Бурмалоо адилетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасы болушу мүмкүн жана негиздүү болсо, олуттуу деп эсептелет жалгыз же чогуу алганда, алар ушул финансылык отчеттун негизинде кабыл алынган колдонуучулардын экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн деп божомолдошот.

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында биз профессионалдык ой жүгүртүүнү колдонобуз жана аудит учурунда кесипкөй скептицизмди сактайбыз.

Мындан тышкары, биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:
- финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктайбыз жана баалайбыз, бул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары кызмат кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү

болгон аудитордук далилдерди алабыз. Ак ниетсиз аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоолорду таппоо тобокелдиги ката кетирүүнүн натыйжасында олуттуу бурмалоолорду таппоо тобокелдигинен жогору, анткени кара ниет аракеттер алдын ала сүйлөшүп алууну, атайылап өткөрүп жиберүүнү, маалыматты бурмалап берүүнү же ички контролдук системасын айланып өтүү аракеттерин камтышы мүмкүн

• тиешелүү жагдайларга ылайык аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында Аудит үчүн мааниге ээ болгон ички контролдук системасы жөнүндө түшүнүк алабыз, бирок Банктын ички контролдук системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикир билдирүү максатында эмес;

• колдонулуучу эсеп саясатынын талаптагыдай мүнөзүн, бухгалтердик баалоонун негиздүүлүгүн жана жетекчилик тарабынан даярдалган тиешелүү маалыматты ачып берүүнү баалайбыз;

• Жетекчилик тарабынан иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө жол берүүнүн колдонулушунун мыйзамдуулугу жөнүндө тыянак чыгарабыз, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде - окуяларга же шарттарга байланыштуу олуттуу белгисиздиктин бар же жок экендиги жөнүндө тыянак чыгарабыз, анын натыйжасында Банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүлөр келип чыгышы мүмкүн. Эгерде биз олуттуу белгисиздик бар деген тыянакка келсек, биз аудитордук корутундуда отчеттогу тиешелүү финансылык ачыкка чыгарууга көңүл бурушубуз керек же эгерде мындай ачыкка чыгаруу туура эмес болсо, биздин пикирибизди өзгөртүшүбүз керек. Биздин тыянактар аудитордук корутундунун күнүнө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок, келечектеги окуялар же шарттар Банктын үзгүлтүксүз ишин улантуу мүмкүнчүлүгүн жоготушу мүмкүн;

• финансылык отчеттун бүтүндөй берилишине, анын түзүмүнө жана мазмунуна, анын ичинде маалыматтын ачыкка чыгарылышына, ошондой эле финансылык отчеттуулук анын негизиндеги операцияларды жана окуяларды алардын ишенимдүү презентациясы камсыз кылынгыдай чагылдырылышына баа беребиз;

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү ишке ашырабыз, аларга аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөттөрү, ошондой эле аудиттин олуттуу жыйынтыктары, анын ичинде биз аудиттин жүрүшүндө аныктаган ички көзөмөлдөгү олуттуу кемчиликтер жөнүндө маалымдайбыз.

Биз корпоративдик башкарууга жооптуу адамдарга көз карандысыздыкка байланыштуу бардык тиешелүү этикалык талаптарды аткаргандыгыбыз жана аудитордун көз карандысыздыгына негиздүү деп эсептелген бардык мамилелер жана башка маселелер жана зарыл болгон учурда тиешелүү коргоо чаралары жөнүндө ал адамдар менен кабарлашкандыгыбыз жөнүндө билдирүүнү беребиз.

Биз корпоративдик башкарууга жооп берген ыйгарым укуктуу адамдарга маалымат үчүн берген маселелердин ичинен биз учурдагы мезгилдин финансылык отчетуна аудит жүргүзүү үчүн эң маанилүү болгон маселелерди аныктайбыз, демек, алар негизги аудит маселелери болуп саналат. Биз бул маселелерди аудитордук корутундубузда баяндайбыз, эгерде маселенин ачыкка чыгышына мыйзам же ченемдик укуктук актылар тарабынан тыюу салынбаса же өтө сейрек учурларда, маселе биздин отчетубузда билдирилбеши керек деген тыянакка келсек, маселени билдирүүнүн жагымсыз кесепеттери аны жарыялоонун коомчулук үчүн маанилүү пайдасынан жогору болушу мүмкүн.

**Леднев Евгений**

*Тапшырманын жетекчиси*
*Башкы директор*
*"Кыргызаудит" АКФ ЖАК*
*КР сертификатталган аудитору, аудиторлордун Бирдиктүү мамлекеттик реестриндеги жекече каттоо номери №11058, 07.08.2023 ж.*

***2026-жылдын 06-марты***
***Бишкек ш., Кыргыз Республикасы***

*«Кыргызаудит» АКФ ЖАКы, Аудитордук уюмдардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде № 2103320 жеке каттоо номери 02.10.2023-жылы ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы*

**2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**
**"Керемет Банк" ААКсынын Жыйынды кирешеси жөнүндө отчет**
**(ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарына ылайык эсептелген)**

(Суммасы миң сом менен көрсөтүлгөн)

| | Эс кертүү | 31-декабрь 2025 -жыл | 31-декабрь 2024 -жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 18 | 1 298 712 | 1 691 713 |
| Пайыздык чыгымдар | 18 | (261 231) | (354 660) |
| ***Таза пайыздык кирешелер*** | | ***1 037 481*** | ***1 337 053*** |
| Кызмат көрсөтүүлөр жана комиссиялар боюнча кирешелер | 20 | 287 081 | 174 899 |
| Кызмат көрсөтүүлөр жана комиссиялар боюнча чыгымдар | 20 | (166 477) | (143 081) |
| ***Таза комиссиялык кирешелер*** | | ***120 604*** | ***31 818*** |
| Финансылык активдер жана милдеттенмелер боюнча таза пайда/(чыгым), ККЧ аркылуу СС боюнча бааланган | | 11 549 | 6 187 |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза киреше | 21 | 29 529 | 206 693 |
| ССД аркылуу СС боюнча бааланган финансылык активдерди таанууну токтотуудан таза пайда/(чыгым) | | - | - |
| Негизги каражаттарды кайра баалоодон таза киреше / (чыгаша) | | - | - |
| Башка чыгымдар | 23 | (17 454) | (22 183) |
| Башка кирешелер | 22 | 16 206 | 10 658 |
| ***Таза пайыздык эмес киреше*** | | ***74 738*** | ***201 356*** |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕ** | | **1 232 823** | **1 570 227** |
| Операциялык чыгашалар | 24 | (825 377) | (953 577) |
| *Күтүлгөн кредиттик чыгашалар боюнча резервди түзүү* | | 149 119 | 220 363 |
| *Башка активдер жана шарттуу милдеттенмелер боюнча резервди түзүү* | | (1 110) | (749 |
| **САЛЫК САЛУУГА ЧЕЙИНКИ ПАЙДА** | | 555 456 | 836 263 |
| *Киреше салыгы боюнча чыгашалар* | *25* | *67 592* | *(89 120* |
| **Таза киреше (чыгаша)** | | **623 048** | **747 143** |
| **КИРЕШКЕ САЛЫК ТӨЛӨНГӨНДӨН КИЙИНКИ БАШКА ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШ** | | | |
| *Кийинчерээк пайдага же зыянга кайра классификацияланышы мүмкүн болгон беренелер:* | | | |
| ССЧПСД боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркынын таза өзгөрүшү | | (3 489) | 57 400 |
| ССЧПСД боюнча бааланган финансылык активдердин күтүлгөн кредиттик жоготуулары боюнча баа берүү резервинин өзгөрүү чоңдугу | | - | 1 751 |
| *Негизги каражаттарды кайра баалоо* | | - | - |
| Негизги каражаттарды кайра баалоонун натыйжасы | | - | - |
| **Салыкты алып салгандан кийинки жыл үчүн башка жалпы киреше** | | (3 489) | 59 151 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ ПАЙДА** | | **619 559** | **806 294** |
| *Акцияга пайда (чыгаша) (сом)* | *17* | *7,16* | *8,59* |

**Банктын Жетекчилигинин атынан:**

**Мукушева Д.А.**
**Башкармасынын Төрагасы,**
**«Керемет Банк» ААК**

**Атамкулова Б.Т.**
**Башкы бухгалтер**
**«Керемет Банк» ААК**

**2025-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча**
**«Керемет Банк» ААКтын ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**
**(ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарына ылайык эсептелген)**
(Суммасы миң сом менен көрсөтүлгөн)

| Беренелердин аталышы | Эск. | 2025-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча | 2024-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 5 | 903 713 | 1 343 031 |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы эсептер | 5 | 2 590 159 | 2 770 362 |
| Банктардагы жана башка ФКМдеги каражаттар | 5 | 180 883 | 1 067 771 |
| ССЧПСД боюнча бааланган баалуу кагаздар | 8 | 1 582 536 | 1 057 109 |
| ССЧПУ боюнча бааланган финансылык активдер | | 0 | 0 |
| Банктардын жана башка ФКМдердин карызы | | 15 082 | 17 134 |
| *Берилген ссудалар* | *7* | *4 365 689* | *7 199 350* |
| *ККЧ боюнча резерв* | *7* | *(338 904)* | *(442 067)* |
| ККЧ боюнча резервди эске алуу менен кардарлардын кредиттери | 7 | 4 026 785 | 6 757 283 |
| Финансылык ижара | | 107 674 | 0 |
| РЕПО операциялары | | 0 | 0 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздар | 8 | 2 398 479 | 1 734 650 |
| Учурдагы киреше салыгы боюнча алдын ала төлөөлөр | | 93 | 93 |
| Киреше салыгы боюнча кийинкиге калтырылган активдер | | 0 | 0 |
| ССЧПУ боюнча бааланган үлүштүк БК | | 0 | 15 006 |
| Негизги каражаттар | 9 | 381 584 | 339 207 |
| Материалдык эмес активдер | 9 | 54 570 | 78 792 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 10 | 98 826 | 164 863 |
| Сатууга арналган узак мөөнөттүү активдер | 12 | 783 962 | 835 747 |
| Башка активдер | 11 | 87 414 | 354 666 |
| **ЖАЛПЫ АКТИВДЕР:** | | **13 211 760** | **16 535 714** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | . | |
| **Милдеттенмелер:** | | | |
| ОПУ аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер | | - | - |
| Финансылык уюмдардын каражаттары | 15 | 4 253 | 68 850 |
| РЕПО операциялары | | - | - |
| КР УБдан алынган кредиттер | | - | - |
| Алынган кредиттер | 13 | 702 225 | 662 132 |
| Кардарлардын каражаттары | 14 | 2 936 835 | 6 697 167 |
| Учурдагы киреше салыгы боюнча милдеттенмелер | | - | - |
| Кийинкиге калтырылган киреше салыгы боюнча милдеттенмелер | 25 | 35 011 | 102 604 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 10 | 101 717 | 166 533 |
| Башка милдеттенмелер | 16 | 111 210 | 137 478 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **3 891 251** | **7 834 764** |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 17 | 8 698 746 | 8 698 746 |
| Кошумча төлөнгөн капитал | | 0 | 0 |
| Негизги каражаттарды кайра баалоо боюнча резерв | | 151 163 | 155 426 |
| КБЖ аркылуу СС боюнча бааланган финансылык активдерди кайра баалоо боюнча резерв | | 40 502 | 43 991 |
| Бөлүштүрүлбөгөн киреше (Топтолгон чыгаша) | | 430 098 | (197 213) |
| Контролдонбогон катышуу үлүшү | | | |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **9 320 509** | **8 700 950** |
| **ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | **13 211 760** | **16 535 714** |

**Банктын Жетекчилигинин атынан:**

**Мукушева Д.А.**
**Башкарманын Төрагасы,**
**«Керемет Банк» ААК**

**Атамкулова Б.Т.**
**Башкы бухгалтер**
**«Керемет Банк» ААК**

**«Керемет Банк» ААКта АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН АГЫМЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**
**(ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарына ылайык эсептелген)**
**2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**
(Суммасы миң сом менен көрсөтүлгөн)

| **Беренелердин аталышы** | **Эск.** | **2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл** | **2024-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл** |
|---|---|---|---|
| **Операциялык ишмердүүлүктөн алынган акча каражаттарынын кыймылы:** | | | |
| Алынган пайыздар | | 1 163 540 | 1 464 702 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (254 001) | (309 717) |
| Алынган комиссиялар | | 287 081 | 74 899 |
| Төлөнгөн комиссиялар | | (166 477) | (143 081) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялардан келип түшүүлөр | | 26 609 | 196 751 |
| ***адилет наркы боюнча пайда же чыгым аркылуу чагылдырылган башка финансылык шаймандар боюнча таза пайда же чыгым*** | | ***11 549*** | ***6 460*** |
| Алынган башка кирешелер | | 11 100 | 9 469 |
| Башка чыгымдар | | - | 44 390 |
| Операциялык чыгашалар | | (671 574) | (768 493) |
| Төлөнгөн жалпы административдик чыгашалар | | | |
| ***Операциялык ишмердүүлүктөн операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшүнө чейинки акча каражаттарынын агып кириши*** | | **407 828** | **675 380** |
| Операциялык активдерди жана милдеттенмелерди өзгөртүү: | | | |
| Банктардын жана башка финансылык институттардын карызы | | 2 131 | (8 863) |
| Адилет наркы боюнча пайда же чыгым аркылуу бааланган финансылык активдер | | - | - |
| Кардарларга берилген ссудалар | | 2 921 628 | 16 096 |
| Финансылык ижара | | (107 674) | - |
| РЕПО операциялары | | - | - |
| Сатууга арналган узак мөөнөттүү активдер | | 53 420 | 335 906 |
| Башка активдер | | 270 906 | (213 853) |
| ***Операциялык активдердин азайышы*** | | ***3 140 411*** | ***129 286*** |
| Адилет наркы боюнча пайда же чыгым аркылуу бааланган финансылык милдеттенмелер | | 15 006 | (10 042) |
| Банктардын жана башка финансылык институттардын алдындагы карызы | | (64 822) | (1 036) |
| Кардарлардын каражаттары | | (3 778 387) | 1 062 631 |
| Кайтарым РЕПОнун макулдашуусу | | - | |
| Башка милдеттенмелер | | (255 186) | (18 076) |
| **Операциялык милдеттенмелердин азайышы/(көбөйүшү)** | | **(4 083 389)** | **1 033 477** |
| **Салык салууга чейинки операциялык ишмердүүлүктөн таза акча агымы** | | **(535 150)** | **1 838 143** |
| Төлөнгөн киреше салыгы | | - | - |
| **Операциялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын таза келип түшүүсү** | | **(535 150)** | **1 838 143** |
| **Инвестициялык ишмердүүлүктөн алынган акча каражаттарынын кыймылы:** | | | |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатып алуу | | (585 432) | (1 768 655) |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды жоюу | | 20 000 | 1 042 705 |

| | | |
|---|---|---|
| Жойгонго чейин кармалган инвестицияларды сатып алуу | (499 900) | |
| ССЧПСД бааланган инвестицияларды сатып алуу | - | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды сатуу | - | |
| Сатуу үчүн жеткиликтүү инвестициялардын адилет наркын оңдоо | - | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуу | 367 | 174 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (109 191) | 385 |
| ССЧПУ бааланган инвестицияларды сатып алуу | | |
| **Инвестициялык ишмердүүлүктөн алынган акча каражаттарынын таза агып чыгышы** | **(1 174 156)** | **(725 391)** |
| **Финансылык ишмердүүлүктөн алынган акча каражаттарынын кыймылы:** | | |
| Кадимки акцияларды чыгаруудан келип түшүүлөр | - | - |
| Төлөнгөн дивиденддер | - | - |
| КРУБдан кредиттер | - | - |
| Алынган кредиттер | 6 516 | 173 542 |
| Ижара боюнча төлөмдөр | (78 542) | (73 272) |
| Операциялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын таза (агып чыгышы) /келип түшүүсү | **(72 026)** | **100 270** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза (көбөйүшү)/ көбөйүшү** | **(1 781 332)** | **1 144 468** |
| Күтүлгөн кредиттик чыгашалар боюнча резервдин акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 1 849 | 1 798 |
| Чет өлкөлүк валюталардын курсунун өзгөрүшүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 273 074 | (70 352) |
| **Жылдын башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **5 181 164** | **4 036 696** |
| **Мезгилдин аягына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **3 674 755** | **5 181 164** |

**Банктын Жетекчилигинин атынан:**

**Мукушева Д.А.**
**Башкарманын Төрагасы,**
**«Керемет Банк» ААК**

**Атамкулова Б.Т.**
**Башкы бухгалтер**
**«Керемет Банк» ААК**

**«Керемет Банк» ААК**
## ӨЗДҮК КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
**2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**
(Суммасы миң сом менен көрсөтүлгөн)

| | Жөнөкөй акциялар | Финансылык активдерди кайра баалоо | Финансылык активдерди кайра баалоодон нарктын өсүшү | Бөлүштүрүлбөгөн киреше | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2023-жылдын 31-декабрына** | **8 698 746** | **(15 160)** | **159 689** | **(948 619)** | **7 894 656** |
| Акциялардын эмиссиясы | | | | | |
| Дивиденддер | | | | | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которуу | | | | 747 143 | **747 143** |
| Жыл үчүн жыйынды киреше | | 59 151 | (4 263) | 4 263 | **59 151** |
| **2024-жылдын 31-декабрына** | **8 698 746** | **43 991** | **155 426** | **(197 213)** | **8 700 950** |
| Акциялардын эмиссиясы | | | | | |
| Дивиденддер | | | | | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которуу | | | | 623 048 | **623 048** |
| Жыл үчүн жыйынды киреше | | (3 489) | (4 263) | 4 263 | **(3 489)** |
| **2025-жылдын 31-декабрына** | **8 698 746** | **40 502** | **151 163** | **430 098** | **9 320 509** |

**Банктын Жетекчилигинин атынан:**

**Мукушева Д.А.**
**Башкарманын Төрагасы,**
**«Керемет Банк» ААК**

**Атамкулова Б.Т.**
**Башкы бухгалтер**
**«Керемет Банк» ААК**